№ 4 педагогикалык кеңешменин чечими менен каралды.
«10» 01 2022-ж.

Бекитемин
мектеп директору:
Сарытаева Д. Т.
«11» 01 2022-ж.

# Кызыл-Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин жалпы билим берүүчү кабинеттерин текшерүү жана сынактан өткөрүү жөнүндө жобо

1. **Жалпы жоболор**

1.1. Максаты – гимназия – интернаттын окуучу – тарбиялануучуларына билим берүүнүн жана тарбиялоонун сапаттуу ишке ашырылышына шарт түзүү.
1.2. Мезгили –окуу жылы ичинде эки жолу .
1.3. Катышуучулар – бардык окуу кабинеттери .

2. **Конкурсту уюштуруу комитети.**

2.1. Кабинеттерди текшерүүнү жана кароо – сынагын уюштуруу, өткөрүү, процедуралык маселелерди чечүү, материалдарды тандоонун бирдиктүү механизмин камсыз кылуу, кароо сынак жөнүндө жобонун аткарылышын көзөмөлдөө үчүн уюштуруу комитети түзүлөт.
2.2. Уюштуруу комитети төмөнкүлөрдү аныктайт:
- текшерүүнүн мөөнөтүн, кароо – сынактын этаптарынын графигин;
- катышуучулардын тизмесин;
- комиссиянын курамын;
- кароо конкурсунун номинацияларын.

2.3. Уюштуруу комитетинин курамы: төрайым, уюштуруу комитетинин мүчөлөрү,жооптуу катчы.
2.4. Төрайым текшерүү жана сынакты уюштуруу комиссиясынын (комитетинин) ишине жетекчилик кылат.
2.5. Текшерүү комиссиясына, кароонун калыстар тобуна: гимназия интернаттын директору, педколлективден өкүлдөр , директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басарлары, чарбалык иштер боюнча директордун орун басары , профсоюздук комитеттин төрайымы кирет.
2.6. Комиссиянын, калыстар тобунун чечими, эгерде ага тизме мүчөлөрүнүн жарымынан көбү добуш берсе, кабыл алынды деп эсептелет.Чечим протокол менен бекемделет.

3. **Баалоо критерийлери**

3.1. Окуу кабинети, санитардык талаптарына жана сынактын негизги көрсөткүчтөрүнүн тизмесине ылайык бааланат жана төмөнкү критерийлер боюнча бааланат:
- Окуу кабинеттерин, жатакана бөлмөлөрун минималдуу жабдуу;
- Мугалим, тарбиячынын жана окуучулардын жумуш ордун, тарбиялануучулардын бөлмөдөгү уктоо, эс алуу ордун уюштуруу;
- Техникалык окуу куралдарын, турмуш – тиричилик каражаттарын пайдалануу ;
- Окуу жабдууларын, окуу куралдарын, эмеректерди, жуурkан – төшөнчү, килемдерди ж.б.жайгаштыруу жана сактоо;
- Экспозициялардын рационалдуу мазмуну;

- Шкафтарды жасоонун эстетикасы жана маданияты;
- Кабинеттин, бөлмөнүн жабдылышы жана иши;
- Окуу – тарбиялоо процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуудагы кабинеттин, бөлмөнүн ролу;
- Конкурстук материалдарды каттоонун маданияты.
- Окуу кабинеттерин,бөлмөлөрдү текшерүү окуу жылынын ичинде түзүлгөн кырдаалга жараша өткөрүлөт.

3.2.Сынактын негизги көрсөткүчтөрү болуп төмөнкүлөр саналат:

1. Класстын, бөлмөнүн паспорту;
2. Иш тартиби
3. Окуу жылына кабинеттин,бөлмөнүн иш кагазынын планынын болушу
4. Кабинетте, бөлмодө техникалык коопсуздук эрежелери, өрт коопсуздук эрежелери боюнча нускамалардын, санитардык – гигиеналык ченемдердин (жарыктандыруу, пол дубал, терезе) сакталышы.
5. **Эмеректин,жабдуулардын абалы.**
6. **Кабинетте, бөлмөдө зарыл документтердин болушу:**

- кабинет, бөлмө паспорту;
- учурдагы жабдуулар үчүн инвентаризация тизмелери;
- коопсуздук нускамалары;
- кабинеттин ,бөлмөнүн иш графиги.

7. **Окуу кабинетинин окуу – методикалык жактан камсыздоо (окуу кабинеттери үчүн)**
    1. **Кадрлар менен камсыздоо:**

- окуу жабдуулары;
- окуу – методикалык комплекстер (усулдук адабияттар, мугалимдер үчүн китептер, иш дептерлери);
- окутуунун техникалык каражаттары

    2. **Кабинетте колдонулуучу каражаттар:**

- дидактикалык материалдар;
- типтүү тапшырмалар;
- тесттер;
- текшерүү иштердин тексттери;
- тартуу материалдары;
- слайддар ;
- таблицалар;
- окуу китептери жана башка материалдар.

8. **Кабинеттин,бөлмөнүп жасалгаланышы:**
    1. Кабинетти, бөлмөнү оптималдуу уюштуруу:

- мугалимдин оруну;
- окуучулардын орду;
- тарбиячынын иш столу;
- тарбиялануучулардын уктоо, эс алуу орундары.

    2. Кабинеттин, бөлмөнүн жалпы эстетикалык абалы – стенддердин жасалгаланышы, жашылдандыруу.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫ
ТОКТОГУЛ атындагы
№ 6 орто мектеби

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ГОРОД КЫЗЫЛ-КЫЯ
сш №6 им.ТОКТОГУЛА

**№ буйруктан көчүрмө**

11.01.2022-жыл

Кызыл- Кыя шаары Токтогул атындагы
№6 орто мектеби

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин билим берүүчү кабинеттерин текшерүү жана сынактан өткөрүү жобосу жөнүндө**

Токтогул атындагы №6 орто мектебинин усулдук кеңешинин 2022-жылдын 10-январындагы №4 протоколунун 3- чечиминин негизинде **буйрук кыламын:**

1. Мектептин билим берүүчү кабинеттерин текшерүү жана сынактан өткөрүү жобосу кабыл алынсын.
2. Мектептеги кабинеттер арасында өткорүлүүчү текшерүүлөр жана сынактар ушул жобонун негизинде жүргүзүлсүн.
3. Буйруктун аткарылышша окуу бөлүмүнүн башчысы Эгембердиева А. дайындалсын.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.